**Тиркеме 2**

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлиги

2020-ж. "23" 11 № 972/1

Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо
министрлиги

2020-ж. "27" 11 № 1005

**2020-2021-окуу жылында Кыргыз Республикасынын мектептен тышкаркы кошумча билим берүү уюмдарында пандемия шарттарында окуу-тарбия процессин уюштуруу боюнча**
**Нускама**

Сөздүк

**«Жашыл зона»** - таза зона/ инфекция коркунучу аз аймак
**«Кызыл зона»** - жугуштуу оору коркунучу жогору аймак
**ИКК** - идивидуалдуу коргонуу каражаттары
**ҮМБ** - Үй-бүлөлүк медицина борбору
**ҮДТ** – Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу
**ПТР** - Полимераздык туташ реакция
**ОААжМСЭК** – Кыргыз Республикасынын Саламаттык Сактоо Министрлигинин Ооруларды алдын алуу жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмолдөө Борборлору
**ДПМ** – дарылоочу-профилактикалык уюмдар
**Сигматизация** – адамдардын кандайдыр бир категориясын социалдык-психологиялык басмырлоо
**МТКБУ** – мектептен тышкаркы кошумча билим берүү уюмдары
**КРВИ** – курч респиратордук вирустук инфекция

## I. Нускаманын максаты жана милдеттери, КРнын мектептен тышкаркы кошумча билим берүү уюмдарындагы азыркы кырдаалды баяндоо.

1. **Нускаманын максаты** - COVID-19 пандемиясы учурунда жана андан кийин мектептен тышкаркы кошумча билим берүү уюмдарында коопсуз жана жайлуу шарттарды камсыздоо боюнча негизги принциптерди жана практикалык чараларды аныктоо жана төмөнкү милдеттерди чечүүгө көмөк көрсөтүү:

1) COVID-19 пандемиясына байланыштуу карантин учурунда жана карантинден кийин МТКББУдагы инфекцияны алдын алуу жана инфекциялык көзөмөл принциптерине негизделип, МТКББУнун коопсуз иштөө шарттарын даярдоо жана камсыздоо;

2) COVID-19 пандемиясы учурунда окутуу программаларын ишке ашырууда МТКБУнун окуучуларынын жана кызматкерлердин коопсуздугун камсыздоочу жана ден соолугун коргоочу конкреттүү чаралардын жана процедуралардын тизмесинин аткарылышын камсыздоо;

3) Окуу процессин жаңы шарттарга жана талаптарга ыңгайлаштыруу жана МТКБУнун окуучуларынын жана кызматкерлердин эпидемиологиялык коопсуздугуна байланыштуу маселелерди чечүү.

## 2. Азыркы кырдаалды баяндоо.

COVID-19 пандемиясына байланыштуу көптөгөн балдар билим берүү уюмдарына барбай калышты. Билим берүү процессиндеги узак мөөнөттөгү тыныгымдар балдардын ден соолугуна, окуу жөндөмүнө жана өнүгүүсүнө терс таасир этиши мүмкүн. Пандемия кырдаалындагы жаңы шартта балдарга кошумча билим берүү кандай уюшулгандыгы жөнүндөгү маселе курч коюлууда. Дал ушул мектептен тышкаркы кошумча билим берүүдө көптөгөн окуучулар үчүн негизги мазмундуу кызыгуулардын жана психологиялык бакубаттуулуктун ресурстары жатат. Мындан тышкары МТКББУлардын узакка жабылышы негизги кызматтардын ишинин бузулушуна алып келет:

- инсанды таанымга жана чыгармачылыкка демилгелөөнү өнүктүрүүнүн;
- имунизациянын;
- психикалык-социалдык колдоонун;
- балдарды коомго көндүрүүнүн;

Жыйынтыгында жогоруда аталган бардык факторлор билим берүүнүн сапатына олуттуу таасир этиши мүмкүн, ошондой эле курдаштары менен баарлашуу мүмкүн болбогондугуна жана күн тартиби бузулгандыгына байланыштуу стресске жана тынчсызданууга алып келиши мүмкүн.

Бул терс таасирдүү кесепеттер турмуштук оор кырдаалда болгон аярлуу топко кирген балдар үчүн абдан олуттуу болот.

МТКБУнун ишин калыбына келтирүү коопсуз жана COVID-19 пандемиясынын алкагында саламаттык сактоонун жалпы чараларына ылайык келиши керек, ошол эле учурда окуучулардын, персоналдын, мугалимдердин

**Бекитемин**
**Ш . Бейшеналиев атындагы орто мектебинин**
**директору __________ А . Токтогулова**
**"01" ____09____ 2020 – жыл**

Ш . Бейшеналиев атындагы орто мектебинде Нарын облустук оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык – эпидемиология көзөмөлдөө борборунун 18 – август 2020 – жылдагы №151 санитардык сунушун аткаруу боюнча түзүлгөн иш план

| № | Иштелүүчү иштин мазмуну | Ким жоопту | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын , мугалимдердин , тех. кызматкерлердин арасында респиратордук оорулардын жайылышына бөгөт коюу максатында мектептин кире беришинде филтр уюштуруу | Мектеп админ. Зав.хоз | 1 – сентябрь Дайыма |
| 2 | Окуучулардын жана кызматкерлердин дене табын контактсыз термометр менен өлчөө | Мектеп админ. Медсестра | Дайыма |
| 3 | Дене табы көтөрүлгөн жана инфекциянын белгилери бар адамдарды жумуш ордунан милдеттүү түрдө четтетүү | Мектеп админ. мед. сестра | Дайыма |
| 4 | Мугалимдер жана окуучулар бет кап менен кирүүсүн камсыздоо | Мектеп админ класс жетекчи | Дайыма |
| 5 | Мектептин кире беришине колду жугушсуздандыруучу антисептик куюлган дозатору менен санитайзерлерди орнотуу | Мектеп админ. Зав.хоз | Дайыма |
| 6 | Колду жуунун эрежелери жөнүндө нускамаларды илүү | Уюштуруучу | Дайыма |
| 7 | Окуучулардын кызматкерлердин ортосундагы аралык 1,5 – 2 метр аралыкта шахмат тибинде жайгаштыруу | Мектеп. админ Класс жетекчи | Дайыма |
| 8 | Кабинеттерге спрей – антисептиктерди коюу | Класс жетекчи | Дайыма |
| 9 | Кабинеттерди , мектептин ичин дезинфекциялоо иштерин жүргүзүү | Мектеп админ. Зав.хоз | Дайыма |
| 10 | Кабинеттерде нормага ылайык аба алмаштырууну камсыздоо жана тыныгуу учурунда кабинеттерди желдетип туруу | Класс жетекчи , тазалоочу | Дайыма |
| 11 | Үй бүлөлүк дарыгерлер борборунун ыкчам штабынын телефон номерин илүү | Мектеп админ. мед. сестра | Дайыма |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 12 | Окуучуларга колду жуу эрежелерин үйрөтүү (суюк самын, майлыктар антисептиктер жана даарат кагазы ) менен камсыз кылуу | Мектеп админ класс жетекчи | Дайыма |
| 13 | Мектепте жана ашканада иштеген кызматкерлерди өздүк коргоочу каражаттар менен камсыз кылуу | Мектеп админ зав.хоз | Дайыма |
| 14 | Ашканада санитардык – гигиеналык жана эпидемиологиялык эрежелерди сактоо | Мектеп админ зав.хоз , тазалоочу | Дайыма |
| 15 | Таза суу ичүүчү жайдагы таза суу сактаган идиштерди жууп тазалоо , жугушсуздандыруу иштерин жүргүзүү | зав.хоз , поварлар , тазалоочу | Дайыма |
| 16 | Санитардык приборлорду орнотуу : кол жуучу умывальниктерди жайгаштыруу | Мектеп админ зав.хоз | Дайыма |

Класстан жана класстан сырткары
иштерди уюштуруучу : Ж . Кубатбекова